# ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ

УДК: 94; 575.2

***Кубанычбек у. Н.***
*аспирант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## XIX К. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ XX К. БАШЫНДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНЫН УЮШТУРУЛУШУНУН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

*Изилдөөнүн предмети болуп XIX к. экинчи жарымынан тарта, башкача айтканда, Кыргызстан Россияга каратылгандан кийин кыргыз коомунда жергиликтүү бийлик башчыларына (болуштар, айыл старчындары, элдик соттор) өткөрүлгөн шайлоолордун уюштурулушунун негизги принциптери эсептелет. Изилдөөнүн максаты – аймакка колониялык Россия тарабынан киргизилген "Аскердик-элдик башкаруу" деп аталган башкаруу системасынын алкагында уюштурулган шайлоо системасына, шайлоо процессинин өзгөчөлүктөрүнө анализ берүү. Изилдөөнүн ыкмалары – тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, хронологиялык ыкмалары колдонулат. Макаладагы системалаштырылган материалдар, теориялык сунуштар Түркстан аймагынын колониалдык доордогу тарыхнаамасынын айрым изилденбеген жактарын толуктоого мүмкүндүк берет. Изилдөөдө каралган маселелер Кыргызстандын тарыхын таанып-билүүгө, жаштардын өткөн тарыхыбызга жаңыча көз караш менен мамиле кылуусуна салымын кошот. Изилдөөнүн маалыматтарын жана жыйынтыктарын атайын курстарды, дипломдук иштерди даярдоодо, Түркстан аймагынын колониалдык доору боюнча илимий эмгектерди даярдоодо пайдаланууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик башкаруу; болуш; айыл старчыны; шайлоо; айылдык жана болуштук жыйын; элүү башчы; он башчы.*

## ОСНОВНЫЕ ПРИНЦИПЫ ОРГАНИЗАЦИИ ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЫ В КЫРГЫЗСТАНЕ ВО ВТОРОЙ ПОЛОВИНЕ XIX В НАЧАЛЕ XX ВЕКОВ

*В статье предметом исследования рассматриваются основные принципы организации выборов руководителей в местные органы власти (волостные управители, сельские старшины, народные судьи) во второй половине XIX века, то есть после присоединения Кыргызстана к России. Цель исследования проанализировать особенности процесса выборов, избирательной системы, организованных системой управления, называемый «Военно-народным управлением", внедренным в регион колониальной Россией. Методы исследования: в исследовании используются историко-сравнительный, историко-генетический, хронологический способы. Систематизированные материалы и теоретические рекомендации статьи позволяют дополнить некоторые неизученные аспекты историографии Туркестанского края в колониальный период. Рассмотренные в исследовании вопросы способствуют изучению истории Кыргызстана, а молодежи - по-новому отнестись к прошлому. Данные и результаты исследования могут быть использованы при подготовке спецкурсов, дипломных работ, научных исследований о колониальной эпохе Туркестанского края.*

***Ключевые слова:*** *народное управление; волостные управители; сельские старшины, выборы; сельское и волостное собрание; пятидесятники; десятники.*

## THE BASIC PRINCIPLES OF THE ORGANIZATION OF THE ELECTORAL SYSTEM IN KYRGYZSTAN IN THE SECOND HALF OF THE XIX - EARLY XX CENTURIES

*The article discusses the basic principles of organizing elections of leaders to local authorities (volost administrators, village elders, people's judges) in the second half of the XIX century, that is, after the accession of Kyrgyzstan to Russia. The purpose of the work is to analyze the features of the election process, the electoral system organized by the so-called "Military-People's Administration" system*

*introduced into the region by colonial Russia. The study uses historical-comparative, historical-genetic, chronological methods. The systematized materials and theoretical recommendations of the article allow us to supplement some unexplored aspects of the historiography of the Turkestan region in the colonial period. The issues considered in the study contribute to the study of the history of Kyrgyzstan, and young people take a new attitude to our past. The data and results of the study can be used in the preparation of special courses, theses, scientific research on the colonial era of the Turkestan region.*

***Keywords:*** *people's administration; volost administrators; village elders; elections; village and volost assembly; Pentecostals; foremen.*

XIX к. экинчи жарымынан баштап Россия империясы Орто Азияны, анын ичинде Кыргызстанды каратып, аймакта Түркстан облусу (1865-ж.), кийин Түркстан генерал-губернаторлугу (1867-ж.) түзүлгөн. Түркстанды башкаруу үчүн "Аскерий-элдик" деп аталган башкаруу системасы киргизилген. Башкаруунун бул системасына ылайык биринчидеги "аскерий" деген аталышка губерниялык, облустук, уездик башкаруу кирген. Мындагы бийликти орус улутундагы аскердик чини бар офицерлер башкарып, алардын колуна аскердик, жарандык бийлик топтолгон. Ал эми "элдик" деп аталган башкаруунун төмөнкү иерархиясында жергиликтүү элдин майда административдик-аймактык бирдиктерден турган, тактап айтканда болуштук(волостной) жана айылдык деп аталган эки баскычтагы өзүн-өзү башкаруу системасы кирген. 1867-жылы кабыл алынган Жободо көрсөтүлгөндөй көчмөндөрдө (кыргыздарда) жергиликтүү башкаруу эки баскычтан, ал эми отурукташкан элдерде бир баскычтан турган. Демек, көчмөн эл катары кыргыздарда жергиликтүү башкаруу башынан эле эки баскычта уюшулуп, айылдарды айыл старчындары, ал эми болуштук администрацияны болуш башкарган. Алар 3 жылдык мөөнөткө эл тарабынан шайланышкан. Болуштук башкаруучулукка, айылдык старчындыкка жана элдик сот кызмат ордундарга падышачылыктын оторчулук саясатына каршылык көрсөтпөгөн, жашы 25 жаштан жогору болгон адам шайлана алган. Шайлоо альтернативдүү негизде болушу шарт болгон. Кээде жалгыз адам деле көрсөтүлүп, шайлана алган. Шайлоо системасы тикелей болбой, өкүлчүлүк аркылуу ишке ашкан. Башкача айтканда, айылдык жыйналышта ар бир элүү түтүн өздөрүнүн атынан бир шайлоочуну (элүү башчыны) ачык добуш берүү менен шайлашкан. Андан ары элүү башчылар болуштук съездде болуштук башкаруучуну жана элдик сотторду шайлашкан. Белгилүү сенатор К.Пален өзүнүн отчетунда белгилегендей болуштук жана айылдык старчындарды шайлоо төмөнкүдөй принципте жүргөн: ар бир айылдын 10 түтүнү бир шайлоочуну дайындашкан; шайлоочулардын жыйналышы айыл старчынын шайлашкан; ал эми ар бир болуштуктун 50 түтүнү биригип бир шайлоочуну же болбосо элүү башчыны шайлашкан; элүү башчылар өз жыйналышында болуштук башкаруучуну жана элдик судьяны шайлашкан. Демек, болушту шайлоо эки баскычтан туруп, алгач айылдык чогулушта ар бир 50 түтүндөн бир шайлоочу шайланган. Андан кийин ал шайлоочулар болуштук съездге чогулушуп болуштук башкаруучуну шайлашкан [1]. Шайлоонун жүрүшүндөгү ушул эле өнүттөгү тартипти орус чиновниги, Орто Азия жортуулдарынын катышуучусу, Түркстан тарыхы боюнча очерктердин жазуучусу Ю.Д.Южаков да өзүнүн "Түркстан крайын башкаруунун 27 жылдык жыйынтыгы" деп аталган эмгегинде белгилейт [2]. Жогорудагыдай эле тартип менен он башчылар өздөрүнүн айылдык жыйналышында айыл старчынын жана ага кандидатты (старчын өлсө анын ордуна болуучу), анын жардамчысын шайлашкан. Өз мезгилинин билимдүү кишиси Талып Молдо жазып калтырган маалыматтарда он башчы

жана элүү башчы менен катар айыл страчынын да өз ара баш кишилер дайындашкан. Ал аны төмөндөгүдөй баяндайт: “Болушка шайлоо үч жылда бир өтүүчү, болушту шайлоодон мурун он башы, элүү башы, старчындар дайындалуучу. Буларга шайлоо болучу эмес. Өз ара баш кишилер кеңешип отуруп тигил он башы, бул элүү башы, ал старчын болсун дешип өзүлөрү дайындап коюучу” [3]. Маалыматка караганда он башчы, элүү башчылар сыяктуу эле алар менен катар айыл старчыны да ачык типтеги шайлоо аркылуу дайындалганы көрүнүп турат. Сыягы, бул “талаштуу” эмес айылдарда болуу керек. Айылдык жыйналыш болуштун катышуусу менен анын көзөмөлдөөсү астында өткөрүлгөн. Шайланган айыл старчынын жана ага кандидатты, анын жардамчысын уезддин начальниги бекиткен. Жобо боюнча болуштук съезддин өкүлдөрү, тактап айтканда болушту шайлоочулар (элүү башчылар) бардык түтүн башчыларынын катышуусундагы айылдык чогулуштарда добуштардын салыштырмалуу көпчүлүгү менен жөнөкөй тартипте шайланган. Айылдык чогулуштар айылдык старчындын катышуусу менен айылдагы түтүн ээлеринин жарымынан кем эмеси катышкан шартта өткөрүлгөн [4]. Түркстанды башкаруу жөнүндө Жободо көрсөтүлгөндөй айылдык жамааттарда түтүндүн саны 100 түтүндөн 200 түтүнгө чейин, ал эми болуштукта 1000ден 2000ге чейин деп белгиленген. Ар шайлоонун алдынан болуштукка караган айылдарда түтүндүн саны каттоого алынып, болуштагы түтүндүн санына жараша болушту шайлоочулардын саны да аныкталган. Айылдын ар бир элүү түтүнү бир бүтүн эсептелинип, аягында калдык түтүндөр 25тен көп болсо алар да бир шайлоочуну чыгара алышкан. Болуштукка талапкерлер өздөрү тараптан шайлоочулардын санын көбөйтүүгө аракет кылышкан. Аны өз тарабындагы айылдарда түтүндүн санын көбөйтүү аркылуу, башкача айтканда айылга жаңы үй-бүлөлөрдү кабыл алуу, же жаштарга, кээде жашы жете электерге да жаңы үйлөрдү бөлүү аркылуу ишке ашырышкан. Мындай амал менен да мүмкүн болбогон кырдаалда, башкача айтканда, шайлоочунун санын көбөйтүү үчүн өтө көп түтүн кошуу зарыл болгон учурда талапкер катары көрсөтүлгөн уруу башчылары бир айылды экиге бөлүүгө өтүшкөн. Бул боюнча Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде “Эгерде эл эки тарап болсо, өз жагынан элүү башы (выборный) арттырмак үчүн ар айылдан эки тарап кылып, ичинен жик салып, тамырлашкан”, – деп жазат [5]. Шайлоонун мындай жагдайларына К.Пален да кенен токтолуп, түшүндүрмө берет. Мисалы, айылда 225 түтүн болуп, беш гана шайлоочусу болсо, анда шайлоочунун санын дагы бирге көбөйтүү үчүн, айылга жок дегенде 50 жаңы түтүндү кошуу керек болчу. Мындай чаранын татаалдыгынан улам алар 225 түтүндөн турган бир айылды биринде 112, экинчисинде 113 түтүндөн турган эки жаңы айылга бөлүп, андан кийин ал айылдарга өткөрүп берүү жолу менен же жаңы түтүндөрдү түзүү жолу менен ар биринин түтүндөрүнүн жалпы санын 125ке жеткиришет. Эки айылга биригип 25 гана түтүндү кошуунун натыйжасында айылдардын ар биринен 3төн шайлоочуну, ал эми эки айылдан биригип 6 шайлоочуну дайындай алышкан. Мындай өзгөртүүлөр өз тарабындагы айылдык жамааттарда оңой эле аткарылып, айыл тургундарынын ортосунда толук макулдашуу өкүм сүргөн жана керектүү сунуштар эч кандай каршылыксыз, талашсыз ишке ашкан. Бирок, бул жерде паракорчулук дагы бар: аздыр-көптүр таасирдүү аксакалдар көрсөткөн кызматы үчүн партия лидерлери тарабынан сыйланыш керек [1]. Ушул сыяктуу, жана башка искусстволук жолдор менен болуштуктардагы кожолуктун саны көбөйтүлгөн. Фергана облусунун Анжиян уездинин 1913-жылдагы статистикалык материалдарынын биринде кээ бир

болуштуктарды жазып, “аларда салык тизмеси боюнча 14163 кожолук саналса, чындыгында, изилдөөнүн маалыматтары боюнча 11405 гана салык төлөгөн кожолук болгон. Мындай олуттуу сандагы жасалма үйлөр ар кандай уруулук топтордун шайлоодо көбүрөөк добушка ээ болууну каалагандыгы менен түшүндүрүлөт” – деп белгиленет [6]. Ар бир элүү түтүн бир шайлоочуну дайындашканда, орто эсеп менен 1500 түтүндү бир болуштукта 30 шайлоочу дайындалган. Шайлоо өнөктүгү башталганда, көп уруулар жашаган болуштуктарда ар бир уруу өздөрүнүн туугандарынан бирден талапкерди көрсөтүшкөн. Адатта мындай болуштуктарда атаандаштык, негизинен, эки, кээде үч чоң партиянын (уруунун) ортосунда жүргөн. Бирок үчүнчү партия шайлоодо жеңип чыгуу үчүн өздөрүнүн шайлоочулары ири деп эсептелген эки партиянын шайлоочуларынан аз болгондуктан, алар шайлоодо материалдык пайда алууну, ошол эле учурда артыкчылыкка ээ болгон партия менен достук мамилелерди түзүүнү көздөшкөн. Шайлоону өткөрүү тартибине көңүл бурган К.Пален айрым техникалык жагдайларга да токтолгон. Мисалы, эгер болушту шайлоочулардын (элүү башчылардын) жалпы саны 30 болсо, анын ичинен 13 шайлоочу биринчи талапкерге, 12 шайлоочу экинчи талапкерге, ал эми калган 5и үчүнчү талапкерге таандык болуп, негизги партиялардын эч бири, болуштук үчүн аныкталган 16 шайлоочуга жетпеген учурда негизги партиялардын жеңишке жетүүсү үчүнчү партиядагы 5 шайлоочунун кимисине кошуларынан көз каранды болгон. Адатта бул маселе көбүрөөк төлөй турган партиянын пайдасына чечилген. Бирок сейрек болсо да айрым учурда эки чоң партиянын бири негизги атаандашы эсептелген экинчисинин жеңип кетишинен коркуп, бийликти аларга тарттырып жибербөө үчүн эң кичине партияга кошулуп кетишкен. Көбүнчө, бул үчүнчү тараптын башында турган адамдын шайлоо алдындагы үгүт иштерине кеткен чыгымдардын жок дегенде бир бөлүгүн кошулган партияга кайтарууга жетиштүү мүмкүнчүлүгү бар адам болгондо ишке ашкан [1]. Белгилүү тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор Ж.Алымбаев «Туркестанские ведомости» гезитине шилтеме берип, өз эмгегинде “ар бир болуштукта экиден ашпаган чоң манап бар, алардын ар кимисин майда манаптар колдоп турат. Болуштук кызмат үчүн эки манаптын ортосунда атаандаштык жүрөт. Ар ким өзүнө көп добуш алыш үчүн коркутуу, талап-тоноо, өлтүрүү, добуштарды акчага сатып алуу жолуна өтүшөт” – деп белгилейт [7]. Демек, болуштуктун аймагында жашаган бир нече уруу-уруктардын арасынан саны боюнча көпчүлүктү түзгөндөрүндө мүмкүнчүлүк көбүрөөк болуп, алар менен майда уруулар достук мамилелерин түзүүгө аракет кылышкан. Орус бийликтери уруулук түзүлүштү жоюуга аракет кылышканы менен, жогорудагы фактылардан улам уруулук мамилелер толук сакталуу экендигин байкоо кыйын эмес. Шайлоо күрөшү адатта тигил же бул партиянын жактоочулары басымдуулук кылган айылдардан айырмаланып, шайлоочулардын бир бөлүгү бир манапты, дагы бир бөлүгү экинчи манапты колдоп, алар бири-бирине тең салмактуу болгон 1-2 талаштуу айылда кызуу жүргөн. 1886-жылкы Түркстанды башкаруу Жобосу боюнча көчмөн калктын арасында болуштуктарга шайлоо мурункудай эле эки баскычтуу, ал эми старчын менен айылдык сотту шайлоо бир баскычтуу боюнча калган. Ал эми отурукташкан тургундар үчүн аксакалдарды шайлоонун мурунку бир баскычтуу түрү, эки баскычтуу шайлоого алмаштырылган. Шайлоо өткөрүлүүчү жыйындарга катышууга айылдарда, кыштактарда жашаган ар бир кожолуктун (түтүндүн) башчысы укуктуу болгон. Демек, шайлоо принциптеринин дагы бир өзгөчөлүгү катары “үй ээлери” деп эсептелген эркектер гана шайлоого катышкандыгын белгилей кетүү керек. Болушту жана элдик сотту шайлоо жалпы

болуштуктун курултайында (жалпы жыйынында) өткөрүлгөн. Ал жыйналыштын өткөрүү ордун жана убактысын уезддин начальниги дайындаган. Жыйналышка жалпы шайлоочулардын үчтөн экиси келген учурда шайлоо уюштурулган. Ал жыйындагы шайлоонун жүрүшүнө сөзсүз түрдө уезддин начальниги же анын орун басары баштаган орус бийлигинин өкүлдөрү катышып, көзөмөлдүк кылган. Шайлоо болуп жаткан кезде уезд башкаруучулары үй-бүлөсү, тууган-туушкандары менен келип бир канча жума калып, айылда эс алышкан күндөрү да болгон. Падыша чиновниктерин кабыл алып, коноктоого болуштар, айыл аксакалдары жана колунда бар бай-манаптар кызыкдар болушкан. Бул аларга өзүнүн социалдык абалын бекемдөөгө, жогорку бийлик өкүлдөрүнүн колдоосуна ээ болууга мүмкүнчүлүк берген [8]. Шайлоо алдында болуштукка, старчындыкка жана аксакалдык кызмат орунга шайланууга талапкерлер жөнүндө атайын маалымат таратылган. Анда анын аты-жөнү, жашы, билими, мүлкү жана үй-бүлөлүк абалы боюнча маалыматтар камтылган. Жыйын (съезд) ишти баштаар алдында шайлоочу элүү башчыларды тактаган. Шайлоо жашыруун добуш берүү жолу менен жүргөн. Шайлоо кезинде добуш берүү атайын даярдалган сандыкчага тандалган ар бир талапкер үчүн бирден сака (шарик) таштоо менен өткөрүлгөн. Ал боюнча Талып Молдо “Болушка шайлоо тоголок салуу менен болуучу. Элүү түтүнгө бирден тоголок. Түтүнү 49 болуп калса элүү башы тоголок салчу эмес. Түтүнү 50 болгон 50 башы бир тоголок алуучу да анысын алып барып болуштук талашкандардын бирөөнө салып берчү”,– деп сүрөттөйт [3]. Болуштук жана старчындык кызматына экиден адам шайланган: бири кызматка бекитилсе, экинчиси кандидат болгон. Кандидаттар болуш, старчын каза тапса же кандайдыр бир себеп менен болуштуктан, старчындыктан баш тарткан учурда алардын ордун ээлеген. Жергиликтүү автор Талып Молдо болуштук башкаруу структурасына токтолуп, “Болуштук башкаруу тутумуна төмөнкүлөр кирчү: Болуш; Кандидаты (болуш өлсө анын ордун баса турган киши); Бесир (писарь). Болуштук ишти болуш менен бесири гана жүргүзүүчү. Бесирлер орустан болучу. Кандидат болсо болуш өлсө анын милдетин аткаруучу. Болуш өлбөсө кандидатта эч канчалык бийлөө укугу жок болуучу”, – деп сүрөттөйт [3]. Болуштук жыйында болуштарды шайлоодон тышкары, эл сотторун жана аларга талапкерлерди шайлоо, төмөнкү администрация кызмат адамдарынын маянасын белгилөө, көпүрө, жол, чарба курулуштары, суу пайдалануу, суу менен камсыз кылуу сыяктуу бир катар маселелер да каралган. Болуштук шайлоонун жыйынтыгы орус бийликтеринен келген, тактап айтканда, уеддик администрациядан келген өкүл тарабынан угузулуп, бекитилген жана ал жыйынтык уезддин начальнигине жиберилген. Уезддин начальниги шайлоо жана анын жыйынтыгы жөнүндө маалыматты облустун аскер губернаторуна жөнөткөн. Облустун аскер губернатору келген документтердин тактыгына ишенгенден кийин атайын шайлоодон жеңип чыккан талапкерди буйрук менен тиешелүү элдик бийлик кызмат ордуна (болуштукка, старчындыкка, аксакалдыкка) шайланды деп бекиткен. Шайланган болуштук башкаруучуларга жана айыл старчындарына кызматтык милдеттерин аткарууда тагынуучу атайын белгилер, эгер сабаттуу болсо, ээлеген кызматына жараша алардан чыккан иш кагаздарга кол тамгасын тастыктоо үчүн мөөрлөрдү ыйгаруу каралган [4].

## Жыйынтыктар:

1. Болуштарды, айыл старчындарын, элдик сотторду шайлоо жогоруда көрсөтүлгөндөй укуктук жана демократиялуу уюшулгандай көрүнгөнү менен иш

жүзүндө алда канча татаал болгон;

2. Эгерде шайлоолого байланышкан талаш маселелер чыгып калганда уезддин начальнигинин сунушу менен облустун аскер губернатору жергиликтүү элдин арасынан жаккан адамды тигил же бул кызматка буйрук менен эле дайындап коюуга да укугу болгон. Фергана облусу 1876-жылы уюшулгандыгына карабастан, андагы жергиликтүү элдик администрациянын башчыларынын көпчүлүгү 3-4 жыл бою орус бийлиги тарабынан дайындалгандыгын Ф.Гирстин отчетунан билүүгө болот. Мындай көрүнүш Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин да кайра бекемделгендиги маалым;

3. Шайлоодо сатып алуу (подкуп), шайлоочуларды коркутуу, ал турсун каршылаш партиясынын шайлоочуларын эркинен ажыратуу же аларды айыл чогулушунун жыйынына күч менен катыштырбоо, жалган айыптоолор ж.б. көрүнүштөр көптөгөн документтерде, эмгектерде чагылдырылат.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Пален, К.К.** Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенный по высочайшему повелению сенатором графом [Текст] / К.К.Паленом // Сельское управление: русское и туземное. – Спб., Сенаторская типография, 1910. – С. 93 - 98.
2. **Южаков, Н.Д.** Итоги 27-летнего управления нашего Туркестанским краем [Текст] / Н.Д.Южаков.- Большая Подъяческая, 1891.- 24 с.
3. **Молдо, Талып** Орус келүү менен болгон өзгөрүүлөр [Текст] / Талып Молдо // Кыргыздар. - Бишкек, 1993.- 2 Т. – Б. 552 - 556.
4. Положение об управлении Туркестанского края [Текст] / Составил делопроизводитель канцелярии Туркестанского-генерал губернатора Б.Н.Каплун. – Ташкент: Типо-Литография В.М.Ильина, 1903. – С. 60 - 62.
5. **Солтоноев, Б.** Кыргыз тарыхы. 2-китеп [Текст] / Б.Солтоноев. - Б.: Учкун, 1993. - 79 б.
6. Материалы по киргизскому землепользованию: Ферганская область: Андижанский уезд. – Ташкент: Типо-Литография В.М.Ильина, 1913.- 38 с.
7. Колониалдык доордогу шайлоо системасынын айрым тарыхнаамалык маселелерине карата / Ж.Баласагын атындагы КУУ Вестник.–Бишкек, 2008.–Вып.7.– С. 43–47.
8. **Кененсариев, Т.** Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917) [Текст] / Т.Кененсариев. - Б.: Maxprint, 2019. - 173 б.
9. **Каракулов, Д.М.** Политические последствия присоединения Киргизии к России [Текст] / Д.М.Каракулов // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2014. – №1. – С. 11 - 13.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_104

Поступила в редакцию 03. 03. 2022 г.